КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
МИН-БУЛАК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
МИН-БУЛАКСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ

**2023-жылдын 28-марты №1** **Миң-Булак айылы**

**Миң-Булак айылдык аймагынын айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы киреше бөлүгүнүн жыйынтыгынан келип чыккан чыгашадан ашкан кирешени чыгымдоо жөнүндө**

Жогоруда белгиленип өткөн Миң-Булак айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы киреше бөлүгүнүн жыйынтыгынан келип чыккан чыгашадан ашкан кирешени чыгымдоо жөнүндөгү маселени карап чыгып, талкуулап депутаттардын
Миң-Булак айылдык аймактык кеңешинин VIII чакырылышынын он алтынчы сессиясы токтом кылат:

1.Миң-Булак айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы киреше бөлүгүнүн жыйынтыгынан келип чыккан чыгашадан ашкан кирешесинен 1802779 сом акча каражатынын калгандыгы эске алынсын.

2.Миң-Булак айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы киреше бөлүгүнүн жыйынтыгынан келип чыккан чыгашадан ашкан кирешесинен калган 1802779 сом акча каражатын төмөндөгү бөлүмдөр боюнча чыгымдоого уруксат берилсин.

Миң-Булак айыл өкмөтүнүн башкаруу аппаратына 30000 сом бөлүнсүн.
Анын ичинен:
-Айылдык кеңештин төрагасына өткөн сессиялары үчүн компенсация 30000 сом;
Айыл өкмөтүнө караштуу ТЖК бөлүмүнө 475900 сом бөлүнсүн.
Анын ичинен:
- Электрик бир адам айына 12000 сомдон бир жылга 144000 сом;
- Айылдагы таштандыларды чыгаруу үчүн бир адам айына 10000 сом бир жылга 120000сом;
-Архив ишин алып баргандыгы үчүн бир айга 4000 сом бир жылга 48000 сом.
Жалпысы эмгек акыга 312000 сом;
- Социалдык фондго чегерүүгө 53900 сом;
-Айыл аймагына караштуу жер аянттарын Пулкова (СК-42) системасында координаттык чектерин аныктап берүү үчүн 50000 сом;
-Айыл аймагына караштуу жер аянттарына археологиялык изилдөө жүргүзүү үчүн 10000 сом;
-"Жашыл Мурас" улуттук өнөктүгүн ишке киргизүүнүн алкагында бак-дарактардын көчөттөрүн алуу үчүн 50000 сом;

3.Калган 1 296 879 сом акча каражатын бөлүштүрүү жагы кийинки сессияга калтырылсын.

4.Ушул токтомдо көрсөтүлгөн чыгымдарга акча каражатын бөлүп берүү Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Бакай-Ата финансы башкармалыгына сунуш кылынсын.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык аймактык кеңешинин бюджеттик комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага　　　　　　　　　　　　　　　　Г.Койчубаев